ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

**КР УИАнын Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.13.012 диссертациялык кеңеш**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 801.7(575.2)(043.3)**

**Орозалиева Жүрсүн Муханбетовна**

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРИСТИКАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ

**10.01.09 – фольклористика**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2015**

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин кандидаты,
**улук илимий кызматкер**
**Жайнакова Айнек**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Байгазиев Советбек Орозканович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Бакиров АсылбекАпазович**

**Жетектөөчү мекеме:** С.Нааматов атындагы Нарын Мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы.Дареги: 722900, Нарын шаары, Сагынбай Орозбак көчөсү, 25

Диссертациялык иш 2015-жылдын 22-майында саат 13.00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулак даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КРУИАсынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда караштуу түзүлгөн Д.10.13.012 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2015-жылдын22-апрелиндетаркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,филология
илимдерининкандидаты, доцент А.Кадырманбетова

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз фольклористикасынын тарыхын түзүү, анын илим катары жаралышындагымыйзам ченемдүүлүктөрдү, ага өбөлгө болгон тарыхый-социалдык шарттарды, маданий-эстетикалык кырдаал-шарттарды чагылдыруу тенденцияларын ар тараптан иликтөө жана аталган маселелердин маани-маңызын илимий негизде ачып берүү – бүгүнкү күндөгүулуттук фольклор таануу илиминдеги өтө актуалдуу маселелердин бири. Ошондуктан бул изилдөөдө аталган багытта илимий маалыматтар хронологиялык тартипте берилип, кыргыз фольклористикасынын улут үчүн жалпы рухий байлык катары аткарган кызматы тууралуу конкреттүү ой-пикир айтуу максаты көздөлдү.Анткени ушул кезге чейин кыргыз фольклористикасынын илим катары жаралуу, калыптануу процесстери боюнча системалуу изилдөө иштеринин жазылбагандыгы буга негиз болуп берет. Ишибизде аталган илимдин адепки учуру, эмпирикалык башаттары, предметке ээ болушу, иликтөө кыймылынын жүрүш процесси талдоого алынды. Ошондой эле кыргыз оозеки адабиятынын сакталыш жолдору, аны жазып алуу, жарыялоо технологиясы багытында маалыматтар, фактылар изилдөөгө алынды. Бул изилдөөкоомдук илимдер системасында фольклористиканын илим катарында пайда болушу, анын объективдүү жана субъективдүү себептери, ички динамикасы, өнүгүү, калыптануу тенденциялары тууралуу иликтөөлөржүргүзүлгөн алгачкы саамалык болуп саналат.Мына ушул жагдайлар изилдөөнүн актуалдуулугун айгинелейт.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Орус совет жазуучусу А.М.Горькийдин, фольклор теоретиктери В.Я.Пропп, В.Е.Гусев, кыргыз окумуштуулары А.Акматалиев, К.Артыкбаев, К.Асаналиев, Т.Абдыракунов, С.Байгазиев, М.Борбугулов, С.Закиров, С.Кайыпов, Б.Кебекова, Р.Кыдырбаева, М.Мамыров, З.Мамытбеков, С.Мусаев, Ж.Субанбеков, Т.Танаев, А.Эркебаевдин ж.б. эмгектериндеги теориялык илимий жана тарыхый-адабияттык, фольклордук көз караштары, жоболор изилдөөнүн методологиясына негиз болду.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети.** Диссертациялык иштин ***обьектисин*** улуттук фольклористиканын басып өткөн жолу, тарыхый кыймылы түзөт. Фольклордук материалдар, кол жазмалар, жарыяланган тексттер, документтик материалдар, фольклордук мурастарды жыйноочулардын, жарыялоочулардын, изилдөөчүлөрдүн эмгектери бул иште иликтөөнүн ***предмети***болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Бул диссертациялык изилдөөнүн темасыКР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун, И.Арабаев атындагы КМУнун жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий-изилдөө

иштеринин тематикалык планына ылайык келет.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз фольклор таануу илиминин жаралышынан калыптаныш этабына чейинки тарыхын системалаштыруу, аталган илимдин өнүгүш эволюциясына карата илимий-теориялык анализдерди жүргүзүү.

Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн изилдөөгө төмөнкү **милдеттер** жүктөлөт:

– кыргыз фольклор таануу илиминин жаралышында коомдук-социалдык факторлордун маанисин ачып түшүндүрүү;

– оозеки сөз өнөрүнүн табиятын таануудагы маданий-эстетикалык жана саясий өбөлгөлөрдүн ролун аныктоо;

– оозеки адабияттын эстетикалык, социалдык, тарбиялык маңызын жана маанисин таанып билүү аракеттеринин динамикасы менен тенденцияларын белгилөө;

– кыргыз фольклор таануу илиминин калыптанышындагы фольклор изилдөөчүлөрдүн ордун аныктоо, алардын көз караштарынын тарыхый өнүгүү эволюциясына анализ жасоо;

– фольклордук чыгармаларга болгон оң жана терс ой-пикирлерге талдоо жүргүзүү;

– кыргыз фольклор таануу илиминин коомдук-гуманитардык илимдер системасынан алган ордун белгилөө.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** мезгил талабына ылайык келечек муундар үчүн кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын изилдеген илимдин жаралышы, өнүгүшү, калыптанышы тууралуу маселелерди чечмелеп, аны хронологиялык тартипте системалаштырып берүү алгачкы жолу колго алынгандыгында. Мындан сырткары кыргыз фольклор таануу илиминдеги оң-терс тенденциялар, алардын себеп-натыйжалары ар тараптан илимий иликтөөгө алынып, фольклористтердин оригиналдуулугу менен жекечеликтери аныкталып, бул багытта эмгектенген окумуштуулардын фольклор таануу илиминдеги орду алгачкы ирет белгиленди. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы ушул жүйөөлөр менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси**. Кыргыз фольклористикасынын жаралыш жолдору, илим катары калыптанышы, өнүгүшү, мезгил агымына жараша келип чыккан андагы илимий-теориялык маселелер тууралуу бул иштеги илимий ой жүгүртүүлөр, корутунду-жыйынтыктар, табылгалар аталган багытта мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык жактан көмөк көрсөтө алат. Ошондой эле ЖОЖдордо окутулган «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы» аттуу предметин, фольклор боюнча атайын курстарды, мектепте кыргыз адабияты сабагын окутууда пайдаланылат. Мындан сырткары фольклор багытында илимий

иликтөө иштерин жүргүзүүдө, сөздүктөрдү түзүүдө оозеки адабият таануу боюнча окуу куралдарын жазууда методикалык жактан пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

· кыргыз фольклористикасынын алгачкы эмпирикалык элементтери элдик оозеки чыгармачылык менен катар эле жашаган, анда көркөм сөз өнөрү, элдик сынчыл ойлом эстетикасы практикаланып келген;

· фольклордук чыгармага, акындардын аткаруу чеберчилигине карата баалоо, сынчыл ойлоо критерийлери мурда эле пайда болгон; ырчылар менен чечендер фольклордук адабиятты алып жүрүү, сактоо, аны элге кайра таратуу функциясын аткарышкан;

· кол жазма адабиятында фольклористиканын элементтик көрүнүштөрү учурап, фольклордук материалдар кеңири пайдаланылган;

· байыркы жана орто кылымдагы жазма эстеликтерде фольклористика илиминин элементтерикамтылган; фольклор таануунун илим катары көз жаруусунакоомдук-экономикалык, социалдык-территориялык жана агрардык жер саясаты, батыш саякатчылары, ориенталисттер, соодагерлердин прогрессчил аракеттеринин таасири зор болгон;

· улуттук фольклористика илиминин этномаданий негиздери, сынчыл-эстетикалык элементтер илимдин башаты болгон; жазып алуу, жарыялоо жана изилдөө иштеринин башталышындагы тенденциялар илимдин калыптанышында өзгөчө мааниге ээ болгон.

· XXкылымдын башындагы фольклор таануу илиминин өнүгүшүндө совет мезгилиндеги түзүлгөн кырдаал-шарттар маанилүү роль ойногон;

· 30-40-жылдарда кыргыз фольклор таануу илими калыптануу процессин башынан кечирген;

· фольклористика илиминин тенденцияларын, туундуларын хронологиялык тартипте системалаштыруу аракеттери – элдик мурастын сакталышынын негизи катары кызмат кылган.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Темага байланыштуу фактылык материалдарды жыйноо, аларга тарыхый-сыпаттама жана салыштырма талдоо жүргүзүү аркылуу жаралган илимий-теориялык аныктамалар, алынган жыйынтыктар изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Илимий иштин апробацияланышы**. Иштин негизги мазмунун түзгөн материалдар И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасында талкууланып, иштин темасына байланыштуу доклад, баяндамалар Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтундагы, И.Арабаев

атындагы КМУдагы, ТМУдагы, Ж.Баласагын атындагы КУУдагы, Х.Карасаев атындагы БГУдагы илимий конференцияларда окулуп, жыйнактар менен жарчыларга чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.**Эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда диссертациялык ишке байланыштуу материалдар докладдар формасында КР ЖАКтын реестрине кирген басылмаларга 17 илимий макала түрүндө жарыяланган.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, эки главадан, корутунду бөлүмдөн жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Пайдаланылган адабияттардын саны – 192. Иштин жалпы көлөмү – 170.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу жоболор, иштин илимий-теориялык жана практикалык мааниси, обьектиси менен предмети, иштин апробацияланышы жана жарыяланышы, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилди.

Диссертациялык иштин ***"Кыргыз фольклор таануу илиминин жаралыш жолдору"*** дегенбиринчи главасы эки параграфка бөлүндү. Главанын биринчи бөлүмү «***Кыргыз фольклор таануу илиминин жаралышындагы тарыхый-социалдык жана маданий-эстетикалык өбөлгөлөр***» деп аталып, анда кыргыз фольклор таануилимининжаралуу, түзүлүү таржымалынын башаттары иликтөөгө алынды.

Фольклор таануу илиминин элементтери байыркы кылымдарда эле жашап, оозеки эмпирикалык материалы, кээ бир учурларда анын жазма формасынын айрым үлгүлөрү, башаттык негиздериболгон. Мындай аракеттерди байыркы ата-бабаларыбыз өздөрү жашаган жашоо-шартка карай, мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык жазуунун түрдүү формаларында (пиктографиялык жазуулар, рун алфавити, уйгур жазуусу) жана жазууда колдонулуучу ар түрдүү предметтерде (таш, карапа, кийиз, жыгач ж.б.) колдонушканын тарыхый маалыматтар кеңири ырастап келет. Айталы, Орхон-Енисей руналык таш жазууларындагы тексттер. Анда кездешкен айрым кыргыз эл оозеки адабиятынын элементтери буга ачык мисал. VI-IX к.к. таш бетине чегилген бул эпитафиялар эл башынан өткөн тарыхый окуялардан, аңыз-уламыш кептерден, санжыралардан үзүндүлөрдү байыркы доордон азыркы биздин муунга жеткиргендиги менен даңкталып келет. Байыркы көр башына орнотулган рун жазууларын, аска таш бетиндеги, ошондой эле ар кандай предметтерге (карапаларга, идиштерге, коолдук буюмдарына, имарат дубалдарына ж.б.) чегилип жазылган

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

жазууларфольклордук чыгармалардын, көз караштардын жазма формасындагы баштапкы элементтик эмпирикалык үлгүсү болуп саналат. Ошентип, жазып алуу, сактоо сыяктуу фольклористика илиминин негизги милдеттеринин бири кандайдыр бир деңгээлде өтө эле примитивдүү болсо дагы VI-IX к.к. эле ишке ашып, рухий маданият жаатында практикаланып келген. Байыркы кыргыз элинин күнүмдүк турмушундагы окуялар, санжыралар, ырлар, табышмактар, макал-лакаптар таланттуу, билимдүү адамдар тарабынан жазуу формасына салынып, фольклордук чыгармалар (мотив, сюжет, идея, көркөм сүрөттөө, стили ж.б.) мурас түрүндө сакталып калышына мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Алар өлгөн адамга коюлган эстеликке арналган жазуу, түрдүү предметтерге оюлуп жазылган тексттер аркылуу оозеки чыгармаларды текст катарында жазып, сактоого алгачкы чыйырды салышкан. Бул ойду XI кылымдагы окумуштуу-түрколог, тарыхчы, географ, этнограф Махмуд Хусейин уулу Кашкаринин «Девони лугат ат-түрк» («Түрк тилдер сөздөр жыйнагы») аттуу чыгармасы аркылуу да бекемдөөгө болот. Махмуд Кашкари түрк тилдерин изилдөө менен бирге элдик чыгармаларды жазып алып, аларга түшүндүрмөлөрдү берген. Эмгекти кыргыз фольклор таануу илиминдеги алгачкы жолу чогултулган жана кагаз бетине түшүрүлүп, сакталып калган (кол жазма иретинде болсо дагы) жыйноо иши катары эсептөөгө болот.

XIII кылымдын аягы XIV кылымдын башындагы баалуу эстеликтердин бири, 164 беттен турган «Кодекс-куманикс» – «Кыпчак сөздүгү» да - кыргыз фольклор таануусунун башатына түздөн-түз тиешеси бар эмгек. Элдик чыгармаларды кагаз бетине түшүрүп, аны маданий баалуу көркөм нарк катары жазма маданиятта сактоо тажрыйбасы белгилүү даражада калыптана баштаган.

Кыргыз фольклористика илиминде баалуу мурас катары XVI кылымда жазылган Сайф ад-дин Аксыкентинин «Мажму ат-таворих» («Тарыхтар жыйнагы») аттуу тарыхый эмгегин атасак болот. Кол жазмадагы кыргыз урууларынын келип чыгышы жөнүндөгү генеологиялык таблицанын берилиши элдик оозеки чыгармачылыктагы санжыра жанрына өтө жакын. Эл оозунда айтылып жүргөн маалыматтарды автор кагаз бетине түшүрүү менен элдин тарыхын үйрөнүү ишине зор салым кошкон.

Араб, фарс, кытай жазмаларында байыркы мезгилдерде эле кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы тууралуу ойлор камтылып, кыргыз фольклористикасынын байыркы башаттарынын элементтик үлгүлөрү берилген.

XIX кылымдын башындагы экономикалык-саясий абал кыргыз фольклористика илиминин жазма формасынын пайдубалынын түптөлүшүнө мүмкүнчүлүк ачты. Россия, Британия, Чин империясы, Кокон бийлигинин

бири-биринин таасирин жоюу атаандаштыгынын негизинде кыргыз жерине келген батыш ориенталисттери фольклор таануу илиминин тарыхына өз изин калтырышкан. Алгач жазып алуу, эл тарыхын жана маданиятын үйрөнүү, иликтөө максатында кагазга түшүрүлгөн элдик оозеки чыгармалар кыргыз фольклористика илиминин башатындагы алгачкы тажрыйбалар болуп калды.

Кыргыз элинин тогуз жолдун тоому болгон Улуу Жибек жолунун жээгинде жашашы да бул өбөлгөгө кошумча шарт түзүп берди. Илим дүйнөсүнө али белгисиз майда элдердин жашоо-тиричилиги, үрп-адаты, салты, дүйнө кабылдоосу, экономикасы, философиясы, тутунган дини, тили, башка элдер менен болгон мамилеси, алака-катышы, саясаты, социалдык абалы тууралуу так маалыматтар берүү максаты ошол элдин оозеки чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп алуу процесси менен коштолгон. Натыйжада, фольклордук чыгармаларды жазып алуу иши акырындап кулач жайып, ар бир келген изилдөөчү тарабынан практикаланып турду. Жазылып алынган тарыхый уламалар, санжыралар, легендалар, эпикалык чыгармалар алардын отчетторунда тиркелүү менен комментарийлер аркылуу түшүндүрүүлөргө негизделип, булар маалымдама, отчет, кыскача кабар түрүндө мезгилдүү басма сөз беттеринде байма-бай жарыялана берди. Булардын арасында Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радлов, Г.Альмаши сыяктуу окумуштууларды атоого болот. Жазып алуулар, жарыялоо, комментарийлеп сыпаттоолор, примитивдүү изилдөөлөр кыргыз фольклористикасынын официалдуу илим катарында көз жарып жашай башташынын негизи болгон деп жыйынтык чыгарууга болот.

Кыргыздар оозеки адабияттын табиятын түшүнүү менен анын чыгармаларын мүнөзүнө, белги-касиеттерине жараша бир канча түрлөргө жиктеп келген. Эгер эл арасында санжыра, кошок, жомок, дастан, күйгөн-секетпай ырлары ж.б. өз алдынча жанр катары жашаса, аларды айырмалаган кардиналдуу өзгөчөлүктөрү анын аткаруучуларын же жаратуучуларын да ошого жараша атоого негиз болуп, кесиптик терминдердин иштелип чыгышына шарт түзгөн. Фольклордук адабиятты алып жүрүүчүлөр аткарган чыгармасынын мүнөзүнө жараша өз ара классификациялануу процессине дуушарланбай койгон эмес. Элдин элегинен өткөндөр гана санжырачы, кошокчу, жомокчу, дастанчы, манасчы атактарына ээ болушкан. Ал үчүн акындар, таланттуу адамдардын ортосундагы атаандаштык мамиле, элдин сынчыл көз караштары жана пикирлери татаал ”цензуранын” милдетин аткарган. Ушундай шартта күчтүүлөрдүн күчтүүсү гана элдин колдоо мамилесине ээ боло алган. Бул фольклордук материалга болгон элдик сынчыл ойломдун негизинен улам өсүп чыккан адабий сындын оозеки формасынын жашап келгендигинен кабар берет.

Оозеки адабияттын мындай өзгөчөлүгү акындар тарабынан андан ары терендетилип, бир топ кеңири жана иштелген түрдө профессионалдуулук менен аткарыла баштаган. Кошокчулук өнөрдүн спецификасы кеңип, аудиториясы чоңоюп, ага жараша элдин талабы өсүп, акындык чеберчиликке карата мамиле катаалдашкан. Өзгөчө көлөмдүү эпикалык чыгармаларга элдик баа берүү бөтөнчөлүк менен коштолгон. Эл арасында айтылып жүргөндөгү вариантка караганда акындар айткан варианттар бир топ көркөмдөштүрүлүп, шөкөттөлгөндүгү менен угуучуларды өзүнө тарткан. Акындар элдик чыгармаларды алып жүрүүчүлөр, иликтөөчүлөр жана сактоочулар болуп, муну менен фольклористика илиминдеги жыйноо, сактоо, изилдөө сыяктуу технологияларды оозеки ишке ашырып турушкан. Жазма фольклористика илиминин үч багыты: а) жазып алуу, чогултуу; б) жарыялоо, бастырып чыгаруу, басмага даярдоо иши; в) илимий негизде изилдөө – деп белгиленип келет. Оозеки чыгармачылыкта анын примитивдүү жана өзүнчөлүктүү тартиби жашайт. Кыргыз эли оозеки чыгармаларын көкүрөгүнө жат сактап, аны билген, сактаган адамдарды туу тутуп, рухий маданиятты алып жүрүүчүлөр катары бөтөнчө урматташкан. Муну менен фольклорду сактоонун алтын казынасы – ошол элдин өзү, алардын арасындагы таланттуу, сөз өнөрүнө шыктуу, ышкыбоз адамдар болгондугун айтууга тийшпиз. Ал эми бастырып чыгаруу иши болбосо да, ооздон-оозго, мезгил арымына аралаш системалуу көчүп жашаган оозеки чыгармачылык ар мезгилге, муундун талаптарына жараша редакцияланып, жаңыланып, толукталып, иштелип, алымчаланып-кошумчаланып жүрүп олтурган. Демек, эл арасында чыгармага болгон сынчыл талап элдик идея катары жашап келген. Айтуучу чыгармасын угуучуларына түздөн-түз багыттап, аларга болгон чыгарманын таасирин көзөмөлгө алып келген. Акындар өзү айтып жүргөн фольклордук чыгарманын баа-салмагын, көркөмдүгүн, сүрөттөө каражаттарынын ордун белгилеп айткан учурлар абдан эле көп учурайт. Жалпысынан алганда, мажес жана примитивдүү болсо да мындай элементтер фольклористикасынын илим катары көз жаруу процессинде чечүүчү мааниге ээ болгон. Бул башат акындар поэзиясында бир топ терендетилген. Эл акындары, таланттуу адамдар фольклордук материалды алып жүрүүчүлөр, сактоочулар болушкан. Алар көркөм чыгармага карата сынчыл көз караштарды иштеп чыгышкан. Ошол адамдар оозеки чыгармачылыкты кийинки муундарга өткөрүп беришкен. Элдик чыгарманы алып жүрүүчүлөр менен аудиториянын ортосунда тыгыз байланыш болуп, угуучу аткаруучу үчүн сынчы, редактор жана цензуранын кызматын аткарган. Натыйжада элдик салттуу билим тажрыйбасы калыптанган.

Демек, фольклористика илими аркалаган милдеттердин элементтери оозеки түрүндө байыртадан бери эле эл арасында кеңири практикаланып келген деген жыйынтык чыгарууга болот.

Главанын ***«XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы кыргыз фольклору тууралуу көз караштардын эволюциясы»***деп аталган бөлүмүндө кыргыз фольклористика илиминин андан ары өнүгүшү тарыхый жактан иликтенип, бул жагдайдагы илимий көз караштар талдоого алынды.

Батыш окумуштуулары чыгышта жайгашкан аз элдердин оозеки чыгармалары аркылуу алардын тарыхы, этнографиясы, дүйнөгө болгон көз карашы, башка элдер менен болгон дипломатиялык байланыштары, ички жана тышкы саясаты тууралуу маалыматтарды алуу максатында алгачкы иликтөө, жазып алуу жумуштарын жүргүзүшкөн. Маселен, XIX кылымдын 40-жылдарында Г.Франел «Семетей» эпосун кагаз бетине түшүргөн. Ошону менен катар элдик чыгармалардын текстин жазып алып, ага илимий негизде анализ жасоо ишин колго алган окумуштуулардын алдыңкы сабы пайда болгон. Ошентип, улуттук фольклор таануу илиминин негизин түптөө демилгеси колго алынат.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармалары тууралуу илимий багыттагы алгачкы пикир 19-кылымдын орто ченинде Ч.Ч.Валиханов-Мухаммед-Ханафия (1837-1865) тарабынан иштелген. Ал Кыргызстанга (1956,1957-жылы жана 1958-1959-жылдары) келип, кыргыз элинин оозеки адабиятынын үлгүлөрүн, тарыхый-этнографиялык маалыматтарын жазып алган жана изилдеген. "Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгү" (1961), "Жунгар очерктери" (1861), "Кыргыздар жөнүндө жазмалар" (1871) деген илимий эмгектеринде кыргыздардын элдик оозеки адабиятына, айрыкча "Манаска" жогору баа берип, илимий байкоолорун билдирген. Ал алгачкы жолу салыштырма-тарыхый методдо иликтөө жүргүзүп, “Манасты” грек эпосу менен катар коюп караган. Ушуну менен бирге эле изилдөөчү кыргыз элинин жогоруда эскертилген башка фольклордук чыгармаларына, эпосторуна, майда жанрларына да адабий талдоо жүргүзгөн. Фольклордук чыгармалардын генеологиялык чыгыш тегине, көркөмдүгүнө, структурасына, идеялык-тематикалык маанисине талдоо берип, башка элдердин фольклорунда кездешкен аналогиялык версиясына параллель иликтөө салып, тарыхый-фольклордук салыштырма ыкмасын алгачкылардан болуп колдонгон. Изилдөөчүнүн толук эмгектери жана окумуштуулардын ой-пикирлери, каттары, ал тууралуу кабарлар кийин автордун «Чыгармалар жыйнагынын беш томдугуна» (1961) чыккан. Ч.Валихановдун айрым эмгектери 1904-жылы «Чыгармалар» деген ат менен Санкт-Петербургдан жарыяланат. Булөз



ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

убагында батыш коомчулугунда өтө маанилүү жана өзгөчө баалуу маданий окуя катары кабыл алынган.

Академик В.В.Радлов (1837-1918) 1864-жылы жана 1867-жылдары Чүйдөгү солто, сарбагыш уруусуна келип, жергиликтүү элден уккан фольклордук чыгармаларды кагаз бетине түшүрүп кеткен. Бул чыгармалардын айрымдары анын иргөөсү жана баш сөзү менен жабдылып "Түндүк түрк урууларынын элдик оозеки адабиятынын үлгүлөрү" деген 9 томдук эмгегинин 5-томуна котормосу менен орус алфавити менен транскрипцияланып 1885-жылы жарыяланат[Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Ч.V. Наречие дикокаменных киргизов. –СПб.,1885. XXVIII].В.В.Радловдун бул эмгеги – кыргыз эл адабиятынын басмага басылып чыккан биринчи үлгүсү. Ал адабият жөнүндө Ч.Ч.Валихановдон кийинки айтылган илимий көз караштар болуп саналат. В.В.Радлов өзүнүн эмгегинде эпостогу Эр Көкчө, Манас, Кошой, Жамгырчы, Камбар, Ак-Кула өңдүү образдар тууралуу маалыматтарды жана бир катар кыргыздын мифтерин, лирикалык ырларын жазып алганын, илимий байкоолорун буга чейин да бир нече жолу жарыялап келген[РадловВ.В. Образцы народной литературы тюркских племен живущих в южной Сибири И Джунгарской степи. Ч. III: Киргизские наречие. –СПб.:1870. –712с.; Радлов В.В. Краткий отчет о поездке в Семиреченскую область и на Иссык-Куль летом 1869 г.//Изв. Имп. Русск. геогр. общ-ва. –Спб.,1870.–т.VI. -№3]. В.Радлов жогоруда айтылган кыргыздын эл оозеки чыгармачылыгынын ошол үлгүлөрүн немец тилине которуп да жарыкка чыгарып турган.

Ошондойэле окумуштуу «Эр Төштүк» эпосуна кеңири токтолуп, адабий анализ жасоо менен анын эпостук табиятына, окуяларынын мүнөзүнө, анын тектеш башка түрк элдеринде кездешкен эквиваленттине көңүл бурган. Мисалы, Түмөндүк Тоболск татар элинин окшош сюжеттүү чыгармасын мисалга алып, сюжеттине типологиялык салыштыруу жүргүзүп, эпостун жанрдык сапат-белгилерин ачуу менен ага «кыргыз элинин баатырдык-архаикалык эпосу» деген теориялык түшүндүрмө берет.

«Манас» тууралуу белгилүү болгон алгачкы чет элдик кабар 1862-жылга таандык. В.В.Радловдун илимий билдирүүсүнөн кийин эпос тууралуу кабарлар бир нече чет элдик журналдарга басылып чыкты. Бул кабар кийин 1885-жылы орус тилиндеги В.В.Радлов жазып алган эпостун үзүндүлөрү жана элдик чыгармалардын айрым жанрлары тууралуу маалымат менен толукталып, ал немец тилине которулуп жана чет элдик окумуштуулардын бир нечесинин көнүлүн өзүнө бурган»[Брудный Д.Л. Зарубежные связи киргизской литературы и искусства. –В кн.: Межнациональные связи и киргизская литература. –Фрунзе, 1966. –с.52].Кыргыз фольклорун жыйноо, жазып алуу ишиндеги алгачкы чыйырды казак окумуштуусу Ч.Ч.Валиханов салган. Биринчи жолу улуттук

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

оозеки көркөм чыгармалары тууралуу айтылган илимий пикирлердин автору да Ч.Ч.Валиханов болуп саналат. Ал кыргыз оозеки адабиятын классификациялоо аракетине жана башка элдердин сөз өнөрү менен салыштырма-тарыхый методдо иликтөө жүргүзүүгө да негиз салган. Ал эми кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн биринчи жолу басмага бастырып чыгаруу иши орус элинин изилдөөчүсү В.В.Радловго таандык. Эл адабиятынын үлгүлөрүн которуп жарыялоого да алгачкылардан болуп көңүл бурган. Алгачкы жолу чыгарманын образдык системасына талдоо берүү жумушу да В.В.Радловдун ишмердүүлүгүнө тиешелүү.

В.В.Смирнов Кенжекара ырчыдан «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнүн» кагаз бетине түшүргөн. Ал ырчынын үнүн биринчи жолу фоно жазууга жаздырган. Ошондой эле ал «Ак Бала баатыр жөнүндө ыр» деген поэманы да жазып алып, жарыялаган. И.Андреев «Молдожаш», «Күңөтай», «Манас» сыяктуу элдик чыгармаларды жазып алып, жарыялап ага илимий иликтөө жүргүзгөн. Ф.В.Поярков кыргыз элинин психологиясына, дүйнө таанымына кызыгып, эм-дом ырлары, диний негиздеги легенда-мифтердин жыйнап калтырган.

Жалпысынан, бул мезгилде кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын жазып алуу, изилдөө иши менен алпурушкандардын расмий саны арбыган. Буга удаалаш фольклордук материалдарды иликтөөнүн предметине айландыруу аракеттери колго алынды. Алсак, Г.Алмаши, П.Фалев, Ф.В.Поярков, А.Диваев, сүрөтчү Б.В.Смирнов, А.Т.Белинский, Г.Потанин, Г.Бардашев сыяктуу изилдөөчүлөр дагы ушундай эле зор кызыкчылык менен иликтөө, жазып алуу иштерин жүргүзүштү. Эл арасындагы мифтердин, эпикалык поэзиянын, лирикалык, дидактикалык чыгармалардын кеңири тараган үлгүлөрүнүн маңызына кызыгуу да бул чыгармалардын кагазга түшүрүлүшүнө жана иликтенишине көмөкчү болгон. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын бай поэтикасы, сюжеттик-композициялык түзүлүшү, алардын өзгөчөлүктөрү, эл тарыхы, маданияты менен болгон байланышы, андагы идеялык-тематикалык, көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү, тилдик, стилдик өзгөчөлүк сапат-касиеттери да фольклор жыйноочу, иликтөөчүлөрдүн көңүлүнөн сыртта калган эмес. Чогултулган, изилденген материалдар ошол учурдагы мезгилдүү басма сөз беттерине, газета-журналдарга, жыйнактарга жарыяланып турган. Бул элдик материалдарды жазып алуу, аны жарыялоо, изилдөө иштери параллель жүргүзүлө баштагандыгынан кабар берет.

Ошентип, XX кылымдын башына чейин эле кыргыз фольклор таануу илиминин башаты түптөлүп, чет эл окумуштуулары бул илимдин жашай башташына негиз түзүп беришкен. Алар кыргыз фольклорунун айрым материалдарын жазып алып, мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыялап

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

аларга комментарий берүү менен чектелишкен. Улуттук фольклор таануу илиминин кийинки этабы аны улантып, ушул негизге таянуу менен өнүгүп отурат. Чет эл изилдөөчүлөрү тарабынан XX кылымдын башында кыргыз фольклор таануу илими иликтене баштап, алгач справка берүү, обзор, жалпы маалымат берүү, тааныштыруу максатын көздөгөн макалалардын басымдуулук кылышы ошол учурдагы геосаясий-экономикалык абал менен түшүндүрүлөт.

Негизинен, изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү «Манас» эпосу жөнүндөгү илимий ойлорду, пикирлерди улантуу аракеттерин жасашкан. Бул мезгилде жер-суу аттарына байланышкан легендалар көбүрөөк жазылып алынып, алар эл тарыхын, маданиятын изилдөөдө эң негизги таяна турган курал катары колдонулган. Орус жана чет эл окумуштуулары тарабынан легендалар кыргыз жерин аралап жүргөн убакыттарда кагаз бетине түшүрүлгөн. Ал илим тармагында жер шарты менен географиялык абалы али толук кандуу белгилүү боло элек элдин маданияты, жери тууралуу баалуу маалыматтарды чогултууда эң алды менен кызыкчылык арта турган материал булак, маанилүү факт катарында мезгилдүү басма сөз беттерине тынымсыз жарыяланып турган. Жердин абалы менен элдин тарыхын иликтөөгө алганда изилдөөчүлөр мындай легендаларды, санжыраларды, окуяларды эл арасынан өтө арбын кездештиришкен. Окумуштуу-саякатчылар өздөрүнүн чакан отчетторунда бул түпкүлүктүү элдин уникалдуу чыгармаларын Батыш коомчулугуна тааныштыруу максатын көздөшкөн. Мисалы, XX кылымдын 1914-15-жылдарына чейин мезгилдүү басма сөз беттеринде кыргыздар тууралуу ар кандай багыттагы кабар айтылган. Дээрлик баардык учурларда алардын легендалары, элдик версияларынын тексттери, ал турсун котормолору кошо тиркелип, тааныштыруу максатын көздөгөн макалаларды арбын учуратабыз.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында улуттук фольклористика илиминин жаралуу процесси акырындык менен активдеше баштаган. Элдик оозеки адабиятты жыйноо, жарыялоо, сыпаттама изилдөөлөр кадыресе жанданган. Өзгөчө «Манас» эпосун жыйноо, пропагандалоо, илимий жактан таанып-билүүгө болгон аракеттер күч алган. Жер-суу аттары жана этностун келип чыгышына байланышкан легендалар, уламыштар, диний ишеним, кенже эпостор, жомокторду иликтөө колго алынган. Элдик чыгармаларды жанр боюнча изилдөө күч алып, жазылып алынган элдик чыгармаларды жанр, түр боюнча топтоштуруп жарыялоо, иликтөөгө алуу  кеңири кулач жайган. Бул, албетте, жаңы пайда болуп жаткан илимдин практикалык жана теориялык мүнөзүнүн кеңип бара жатканын күбөлөйт. Жогоруда аталган изилдөөчүлөрдүн бардыгы кыргыз эл оозеки адабиятынын материалдарын чогултуп, системага салуу аракеттерин

жасашкан, алардын ар бири фольклордук илимий ой жүгүртүүнүн кыймылына кандайдыр бир деңгээлде өз салымдарын кошушканы менен бааланат. XIX кылымдын ортосунан баштап фольклордук чыгармалар активдүү жазылып алына баштаган. Бул чыгармалар басмадан чыгарылып, жарыялоодо ишиндеги биринчи тажрыйба болгон. Ошол эле учурда кыргыз эл оозеки чыгармаларына салыштырма илик жүргүзүлгөн. Ал эми 20-кылымдын башы фольклористика илиминин жаралуу стадиясынын экинчи этабы болуп саналат. Мында «Манас» эпосу баштаган кыргыз эпостору менен тамсил, жомок, элдик поэма, ырым-жырымдар, легенда, миф, жомок, табышмак, макал-лакап сыяктуу элдик чыгармалар жазылып алынды жана басмадан чыкты. Бул учурда В.Смирнов, А.Белинский, И.Андреев, Ф.Поярков, И.Казанцев, Г.Потанин, А.Краснов сыяктуу окумуштуулар элдик оозеки чыгармаларды иликтөөгө алышты. Негизинен тектеш тилдүү жана Европа элдеринин чыгармалары менен болгон жалпылыктарга байланышкан иликтөөлөр жүрдү. Оозеки адабияттагы сюжеттик, образдык, көркөм сүрөттөө каражаттары боюнча типтештирүүгө болгон аракеттер кыргыз фольклористика илиминдеги салыштырма-типологиялык методдун жаңы кырларын ачты. Мында алар элдин тарыхый-генеологиялык негизин, фольклордук сыпаттоо каражаттарды ачып көрсөтүүгө далалат кылышты. М.Венюковдун, Г.Потаниндин, А.Диваевдин изилдөөлөрүндө кыргыз эл оозеки чыгармаларын батыш сибирь татарларынын, кавказ элинин, англис, француз элдеринин, монгол элинин чыгармаларына салыштырып карашкан.

Экинчи глава ***«Кыргыз фольклор таануу илиминин калыптанышы»***деп аталат. Анын «***Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги фольклор таануу илиминин ал-абалы жана өнүгүш жолдору***» деген аталыштагы биринчи параграфында илимди калыптануу доорунун алгачкы жылдарындагы иликтөөлөр, жарыялоолор талдоого алынды.

Мурда тиешелүү илимий аспектиде изилденбей келген кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхын, татаал өнүгүү процессин үйрөнүү ишинин системалуу бир ыкка салынышы жана алардын проблемаларын конкреттүү түрдө иликтөө аракети мына ушул 20-жылдардан кийинки мезгилде гана колго алынган. Ушундан улам 20-30-жылдар аралыгында “Манас” эпосу баш болгон кыргыз элинин оозеки көркөм мурасы - фольклордук адабияттын бир канча жанрлары, түрлөрү чогултулуп, ал турсун кайра басылып, жарыкка чыккан түрдө элге кайтарылды. И.Арабаевдин, К.Тыныстановдун, К.Мифтаковдун, Х.Карасаевдин, И.Абдырахмановдун, Б.Солтоноевдин аракеттери менен элдик оозеки чыгармаларга болгон тарыхый-салыштырма анализ жүргүзүү, фольклордук

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

материалдарды классификациялоо, жанрдык аныктама берүү демилгелери колго алынган.

Жалпылап айтканда, буга чейин улуттук оозеки адабият жөнүндө орус, татар, казак жана башка чет элдик изилдөөчүлөр, айрым саякатчылар тарабынан жөн гана кабар берүү, илимий коомчулукка жар салуу, эң башкысы отчет тиркемеси катарында үстүрт маалыматтар берилип, илимий-теориялык жактан терең изилденбестен, профессионализм менен каралбастан, учкай билдирүүлөр жана кургак баяндоолор менен коштолуп келген. Алгач жыйноо жана жазып алуу иши өтө эле мажес ишке ашып жатканы жалпыга маалым болчу. Себеби, профессионалдуу адистер жетишсиз, кадрлар билимсиз болуп, илимдин маңызын түшүнбөө, системасыздык өкүм сүргөн. Ал эми 20-жылдарда бул кенемтелерди толтурууга болгон далалаттар жасалган жана ал өз жыйынтыгын берген. Фольклорду жазуу, жарыялоо аракеттери активдешип, аларды илимий жагынан сыпаттоого, өзүнчө бүткөн ой, идея айтууга аракеттер башталды. Мурда берилген маалыматтарга, кыска кабарларга аргументтүү ойлор, далилдер кошумчаланып, илимий гипотезалар орун алды. Мындагы эң алгылыктуу көрүнүш улуттук кадрлардын-адистердин бул ишке тартыла башташы эле. Себеби ушул чөйрөдө өсүп, фольклордук адабият менен азыктанып, тарбияланып өскөн жергиликтүү адистер чет элдик саякатчыларга караганда кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын табиятын мыкты билгендиги, анын мыйзам ченемдүүлүктөрү, сапат-белги, касиеттери менен жеринен тааныш болушу аркылуу өзгөчөлөнгөн. Бул бир топ ийгиликтердин, жаңы бурулуш кадамдардын болушун шарттаган. Батыш окумуштуулары тарабынан негиз салынган кыргыз фольклористика илиминин пайдубалы мезгил арымына жараша улам прогрессчил мүнөз күтүп, андагы жыйноо, кагаз бетине түшүрүү, чогултуу иштери арбып, натыйжалуу тыянак берүү менен жарыялоо ишинде жаңы көрүнүштөр кошумчаланып жүрүп отурду. Буга чейин фольклордук адабият эл оозунда гана айтылып, ал эми анын китеп вариантындагы нускасын окуп калары түшүнө кирбеген кыргыз эли эми оозеки чыгармачылыктын айрым үлгүлөрүн массалык түрдө 1925-жылдан баштап окуганга мүмкүнчүлүк алышты. Бул көрүнүш кыргыз фольклористика илиминин башатындагы маанилүү кадамдардан болгон.

Жалпысынан, (айрымдарын эске албаганда) 1930-жылга чейинки кыргыз эл оозеки адабиятын жарыялоо жана изилдөө иштери боюнча жалаң гана жалпылоо, жалпы, үстүрт маалымат берүү, ал чыгарманын учурдагы абалы тууралуу гана маалыматтарды камтуу менен чектелген. Ал эми фольклорду ар тараптуу, алардын ичинде тарыхый принципте изилдөө мындан кийинки эмгектерде колго алына баштаган.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

***“Кыргыз фольклористика илиминин калыптанышындагы негизги тенденциялар***(30-40-жылдар)” деген аталыштагы экинчи параграфта илимдин калыптанышында тарыхый негиздер, критерийлер жана тенденциялар иликтөөгө алынды. Кыргыз элинин оозеки чыгармалары өзүнчө сабак катары мектептерде, жогорку окуу жайларында окутула баштады. Жети жана он жылдык мектептердин программасында берилген чыгармалар адабияттын хрестоматиясына кирип, басмадан чыкты. Албетте, бул окуя ошол учурдагы Т.Байжиев, З.Бектенов, С.Мусаев, Т.Саманчин, А.Тайгүрөңов сыяктуу белгилүү фольклорист, изилдөөчүлөрдүн зор иш-аракети, демилгеси, кажыбас кайраты аркылуу жүзөгө ашкан.

30-жылдардын башында буга чейин айтылып келген айрым илимий көз караштарга, гипотезаларга тактык, толуктоолорду киргизүү аракеттери жанданган. Бул өз кезинде фольклор таануунун алгалоо кыймылынан кабар берет. Жазылып алынган элдик чыгармалардын басымдуу бөлүгү мына ушул мезгилде кагазга түшүрүлгөн. Демек, бул этап ушул жаатта өтө иштиктүү иш алып барганы менен өзгөчөлөнөт.

40-жылдарда фольклор таануу илиминин калыптанышы мезгил агымына жараша саясий-идеологиялык абалга карата карама-каршылыктуу, бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланган контрасттуу көрүнүштөрдүн негизинде жүрдү. Бул мезгил илимдин тарыхындагы эң бир динамикалуу, методологиялык принциптердин кагылыш доору катары тарыхта калды. Фольклордук адабиятты эми мурдагыдай массалык түрдө жазып алуу сейрек тарта баштаганы сезилет, бул көрүнүш бир жагынан ошол элдик чыгармаларды көкүрөгүнө жат сактап, өнүктүрүп келген эл арасындагы таланттуу адамдардын бара-бара азайып баратышынан болсо, экинчиден 20-30-жылдарда өзгөчө жазып, жыйнап, кагаз бетине түшүрүп алууга болгон элдик жана атайын адистердин кызыкчылыгынын басаңдашы да себеп болгон. Буга кандайдыр бир деңгээле ошол учурдагы өлкөдө жүрүп жаткан саясий абалдын курчтугу да бир топ түрткү берген.

40-жылдардын аягындагы «идеологиялык күрөш» кыргыз фольклористика илиминин бир калыпта өнүгүшүнө бир топ эле терс таасирин тийгизди. Жазып алуу, чогултуу иши сээлдеп, «көлөкөсүнөн корккондор» арбып, ал эми буга чейин жыйналган элдик чыгармаларды иликтөө, ирөттөө иши кан буугандай токтоду. Ал эми эл арасында болсо «Манас» эпосу баштаган элдик адабиятты алып жүрүүчүлөрдүн саны мезгил өткөн сайын уламдан-улам азая берген. Жазып алуу, жыйноо, изилдөө иши ушинтип зор жоготууларга дуушар болду. Ошондуктан XX кылымдын 40-жылдарынын экинчи жарымын «кыргыз фольклористика илиминдеги кризис» абал деп белгилөөгө болот.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Жыйынтыктап айтканда, XX кылымдын башынан баштап кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын чогултуу, жарыкка чыгаруу жана аларды изилдөө ишин улуттук кыртыштагы алгачкы интеллигенция өкүлдөрү жүргүзүшкөн. 1920-жылдын жаз айларында Жети-Суу областында эл арасынан элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн чогултуу боюнча атайын түзүлгөн комиссиянын негизги милдети жана иштөө максаты да ушул багытта болгон. Ошол учурдун алдыңкы, билимдүү инсандары болгон Б.Солтоноев, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, З.Бектенов, Ы.Абдрахманов, К.Мифтаков сыяктуу адамдардын демилгелүү аракеттери натыйжалуу болгон. Булар тарабынан, биринчиден, элдик оозеки чыгармалардын макал-лакап, жаңылмач сындуу майда жанрларынан баштап, ири көлөмдөгү эпосторуна чейин жазып алышкан. Муну менен алар фольклорист-жыйноочу катары элдик оозеки чыгармачылыктын жыйналып калышына эбегейсиз кызмат аркалашкан. Экинчиден, бул аталган интеллигенция өкүлдөрү зарылдыгына жараша жыйналган элдик чыгармалардын кол жазма түрүндөгү тексттерине илимий илик жүргүзүү аракеттерин көрүшкөн. Адабий-теориялык изилдөө жүргүзүү менен жанрдык аныктама берүүгө аракет кылышкан. Бул учурдагы изилдөө иштери жөнөкөй-элементардык мүнөз камтып, элдик чыгармаларга идеялык-тематикалык, мазмундук жактан иликтөө жүргүзүү менен жанрдык топторго бөлүштүрүүлөргө болгон аракетке басым жасалган. Мектеп программасына ылайык окуу китептерин түзүүдө да элдик оозеки чыгармалардын кеңири корун пайдаланышкан. Алар мүмкүнчүлүккө карата басмадан өз алдынча да чыгарылып турган. Бул албетте, элдик оозеки чыгармачылыктын кагаз бетине түшүрүлүп, жарыяланышындагы маанилүү кадамдардан болуп калган. Алсак, З.Бектенов, Т.Байжиевдердин «Кыргыз адабияты» [Орто мектептердин 8-класстары үчүн окуу китеби. –Фрунзе,1949] аттуу эмгеги кыргыз фольклористика майданындагы, маданий агартуу тармагындагы жаңылык болгон. Эмгекте кыргыз фольклористтери, алардын эмгектеринин салмак-баа, өлчөмдөрү, кыргыз фольклористика илиминин генезиси, түптөлүшү жана ошол пайдубалын куруудагы мыйзам ченемдүүлүктөр, саясий-тарыхый, илимий критерийлер белгиленген.

40-жылдардагы фольклористика илиминдеги жарык көргөн макалалардын басымдуу бөлүгүн маалымат берүү, справка, документ сыяктуу чогултуу, жыйноо иреттөө иштеринин абалы тууралуу жарыяланган жалпы обзордук материалдар түзөт. Ошонун ичинде бул илимдин тарыхындагы биринчи тажрыйбалардын катарында мектеп программасына, окууга ылайыкташылган жалпы маалыматтар да бар болчу. Албетте, жанр боюнча бөлүп алып изилдөө жүргүзүү иши да уланып келген. Оозеки адабияттагы конкреттүү бир проблеманы бөлүп алуу да практикаланган.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Өзгөчө эпосторду түрк элдеринин эпостору менен салыштырып изилдөө иши активдешкен. Элдик оозеки чыгармачылыктын теориясын, анын классификациясын, пайда болуш закон ченемдүүлүктөрүн предмет кылган изилдөөлөр арбый баштаган.

Бул мезгил кыргыз фольклористика илиминин калыптанышын негиздеген учур болуп, анда төмөндөгү аракеттер ишке ашкан: элдик чыгармаларды жыйноо, аларды хронологиялык тартипте системалаштыруу, жыйналган фольклордук чыгармаларды жарыялоо, башка тилдерге которуу, фольклордук материалдардын таралуу аймагы жана анын варианттарынын өзгөчөлүгүн аныктап чыгуу; бул чыгармалардын жазма адабият менен болгон байланышын белгилөө; башка элдердеги фольклордук чыгармалардын аналогдоруна салыштырма-типологиялык илик жүргүзүү ж.б.Натыйжада, өткөн кылымдын 40-жылдарынын аягында кыргыз фольклор таануу илими калыптанып, өнүгүүнүн жаңы баскычына багыт алган.

## КОРУТУНДУ

· Кыргыз фольклор таануу илиминин эмпирикалык элементтери менен касиет-белгилери байыркы кылымдардан бери оозеки чыгармачылыктын тутумунда жашап келген. Фольклор таануу илиминин атрибуттары байыркы жазма маданий эстеликтеринде учурайт. Элдик көркөм чыгармаларды таануу маданий оозеки мурастардын баасын, салмагын кийинки муунга жеткирүүгө багытталып, анын идеясын, тарбиялык маанисин ачып берүү менен коштолгон;

· Акындар поэзиясынын тутумунда, ага карата болгон элдик сынчыл көз караштарда кыргыз фольклористика илиминин оозеки формасы жашап, өз табиятына жараша өнүгүшү кылымдардан бери практикаланып келген. Ырчылар менен чечендерде фольклордук адабиятты алып жүрүү, сактоо менен элге кайра таратуу функциясы кеңири ишке ашкан.Ал кыргыз фольклор таануу илиминин түптөлүшүнө негиз болуп берген. Батыш өлкө окумуштуу-саякатчыларынкыргыздардын бай тарыхы, эзелки көөнө маалыматтар менен мүнөздөлгөн мурастары кызыктырган.Оозеки чыгармалар аркылуу алардын этнографиясы, дүйнөгө болгон көз карашы, башка элдер менен болгон дипломатиялык байланыштары, ички жана тышкы саясаты, дүйнө таанымы, руху, эстетикалык аң-сезими тууралуу маалыматтарды алуу максатында жазып алуу, түшүндүрмө берүү, сыпатоо, комментарий берүү жумуштарын жүргүзүшкөн.

· Кыргыз фольклористикасынын генезистик жагдайлары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- кыргыз фольклорун жыйноо жана жазып алуу ишиндеги алгачкы чыйырды казак изилдөөчүсү Ч.Ч.Валиханов салган; кыргыз фольклору тууралуу айтылган алгачкы пикир да ушул окумуштууга таандык; ал

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

классификациялоо аракетине чыйыр салып, салыштырма-тарыхый методдо иликтөө жүргүзгөн;

- биринчи жолу басмага бастырып чыгаруу иши орус изилдөөчүсү В.В.Радловго таандык;ал которуп жарыялоого, образдык талдоо берүүгө да алгачкылардан болуп көңүл бурган;

Ошентип, кыргыз фольклористикасынын келип чыккан генезистик башаты XIX кылымдын орто ченинде башталган. Орус, батыш элдер тажрыйбаларына, теориясына негизденүү менен алгачкы жыйноо, изилдөө иштеринин пайда болушу аркылуу илимдин улам өнүгүп, бара-бара кадыресе калыптанууга карата кулач жайганын байкоого болот. Жалпысынан бул мезгилде жазып алып, изилдөө иши менен алпурушкандардын официалдуу саны арбыган. Анын изилдөө диопозону акырындык менен кеңип жүрүп отурган. Натыйжада, Г.Алмаши, П.Фалев, Ф.В.Поярков, А.Диваев, сүрөтчү Б.В.Смирнов менен А.Т.Белинский, Г.Потанин, Г.Бардашев сыяктуу изилдөөчүлөр бул ишке чоң ынтаа менен тартылышкан. Эл арасындагы лирикалык жана дидактикалык материалдардын маңызына кызыгуу ал чыгармалардын кагазга түшүрүлүшүнө, иликтенишине өбөлгө болгон.

· Совет мезгилинде кыргыз фольклористика илиминин өнүгүшү үчүн түзүлгөн кырдаал-шарттар маанилүү роль ойногон; илимдин жаралуусунан калыптануусуна чейинки мезгилде «Манас» эпосун илимий жактан таанып-билүүгө болгон аракеттер күч алган. Жер-суу аттары, этностун келип чыгышына байланышкан легендалар, уламыштар, диний ишеним, көз караштар окумуштууларды кызыктырып, өтө жыш изилденип, жарыяланып турган. Оозеки чыгармалар аркылуу изилдөөчүлөр элдин психологиясын, философиясын аңдап-билүү максатында ырым-жырым, кошок ырларын жана ал жанрларды өз тулкусуна камтыган эпосторду иликтөөгө алышкан.

· Элдик чыгармаларды башка элдерге, улуттарга жеткизүү максатында которуу иши 30-40-жылдары гана колго алына баштаган.

· 40-жылдардын аяк жагында лирикалык жанр, анын классификацияланышы, бөтөнчөлүгү, андагы кыргыздарга тиешелүү ырдык түзүлүш боюнча изилдөө эмгектери да бул учурдун эң актуалдуу маселелеринен эле. Эпикалык чыгармаларга жанр боюнча ар тараптуу адабий талдоо жүргүзүү иши колго алынган. Албетте, изилдөөчүлөр буга чейинки фольклористтердин ишмердиги, чыгармачылык портрети тууралуу иликтөө, байкоолорун белгилеп келишкен. Ошондой эле бир гана территориялык бөлүнүшкө ылайык белгилүү аймактагы фольклорду жыйноо менен ага илимий талдоо жүргүзүп, башка аймактагы чыгармалар менен салыштырып кароо иши да орчундуу маселе катары көңүл бурдурган. Албетте, жогорудагыларда сөзсүз түрдө элдин менталитети, психологиясы, каада-

салты, башка өнөрлөрү тууралуу кеп кылынып, фольклордук адабияттын искусствонун башка түрлөрүнө болгон байланышын белгилөөгө арналган изилдөөлөр да жарыяланып турган. Салыштырып изилдөө ишифольклористикадагы прогрессивдүү кадам болгон.Атеизмдик багыт өтө кулач жайып, чыгармалардын буга каршы келген, ага түздөн-түз толуктоо берген идеяларын бөлүп көрсөткөн изилдөөлөрдүн саны арбыган. Ошону менен катар изилдөөчүлөр совет мезгилинде жаралган оозеки чыгармаларга да көз жүгүртүү менен саясий агымдын изине көңүл бурушкан.

Ошентип, кыргыз фольклор таануу илими оозеки формасынан тартып жазуу түрүнө өткөндөн кийин тынымсыз өнүгүп жүрүп отуруп, кылымдан ашык өмүрүндө толук кандуу калыптанып, илимдин функциясына кирген.

**Диссертациялык иштин мазмунун чагылдырган макалалар:**

1. Орозалиева, Ж. Кыргыз фольклористикасынын жана адабият таануусунун айрым маселелерине Т.Саманчиндин көз караштары [Текст] / Ж. Орозалиева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Филология. Языкознание. Литературоведение сериясы. – 2002. - 3-4-чыг.−144-147-б.

2. Орозалиева, Ж. Жөө жомоктордун табияты жана алардын классификациясы фольклор таануу илиминде [Текст] / Ж. Орозалиева // Мамлекеттик тил: проблемалар жана милдеттер: илимий-практикалык конференциянын материалдары. –Бишкек, 2003. −116-124-б.

3. Орозалиева, Ж. Фольклордук сюжеттин негизинде жазылган чыгармалар Б.Алымовдун эмгектеринде [Текст] / Ж. Орозалиева // Бектурсун Алымов: илимий эмгектердин жыйнагы. −Бишкек, 2003. −79-83-б.

4. Орозалиева, Ж. Макал-лакаптар фольклор таануу илиминде [Текст] / Ж. Орозалиева // Тил тагдыры − эл тагдыры: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. − Бишкек, 2003. −119-124-б.

5. Орозалиева, Ж. Жөө жомокторду окутуунун айрым проблемалары [Текст] / Ж. Орозалиева // Материалы межвузовской научно-практической конференции, посвяшенной 2200 летию Кыргызской Государственности. − Бишкек, 2003. – Вып. 3. −114-119-б.

6. Орозалиева, Ж. «Кедейкан» эпосунда мамлекеттик идеялардын берилиши [Текст] / Ж. Орозалиева // Ч.Айтматов жана кыргыз руху: Ч.Айтматовдун 75 жылдык маараксине арналган республикалык илимий практикалык конференциянын материалдары. − Бишкек-Талас, 2004. − 111-119-б.

7. Орозалиева, Ж. Кыргыз фольклор таануу илиминин генезиси [Текст] / Ж. Орозалиева // И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетинин Жарчысы. Серия 4. - 2004. - 3-чыг. − 247-252-б.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

8. Орозалиева, Ж. Кыргыз эл оозеки адабиятын таануу илиминин байыркы учуру [Текст] / Ж. Орозалиева // Түрк элдеринин тили жана адабияты: Илимий макалалар. 3-чыгарылышы. − Бишкек, 2006. − 236-246-б.

9. Орозалиева, Ж. Кыргыз фольклор таануу илиминин илимий, тарыхый, саясий, маданий өбөлгөлөрү [Текст] / Ж. Орозалиева //И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетинин Жарчысы. Серия 4. − 2006. - 3-чыг. −177-180-б.

10. Орозалиева, Ж. XIX кылымдын II жарымынан кийинки кыргыз фольклор таануу илиминин өнүгүү тенденциялары [Текст] / Ж. Орозалиева // Актуальные вопросы негосударственного сектора высшего образования Кыргызской Республики: материалы научной конференции, посвященной 15-летию Чуйского Университета. − Бишкек, 2006. − 84-94-б.

11. Орозалиева, Ж. Кыргыз фольклористикасынын айрым теориялык маселелери К.Артыкбаевдин изилдөөлөрүндө [Текст] / Ж. Орозалиева // Актуальные вопросы негосударственного сектора высшего образования Кыргызской Республики: материалы научной конференции, посвященной 15-летию Чуйского Университета. − Бишкек, 2006. −101-108-б.

12. Орозалиева, Ж. XX кылымдын башындагы кыргыз фольклор таануусунун өнүгүшүндөгү чет элдик изилдөөчүлөрдүн орду [Текст] / Ж. Орозалиева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Серия 1. 2007. 5-чыг. − 219-224-б.

13. Орозалиева, Ж. Ж.Садыковдун балдарга арналган драмаларында фольклордук сюжеттердин көркөм иштелиши («Төштүк жөнүндө баян», «Көр дүйнө» драмаларынын мисалында) [Текст] / Ж. Орозалиева // Известия Чуйского университета. – 2008. – Атайын чыг.. –181-192-б.

14. Орозалиева, Ж. XXкылымдын башындагы кыргыз фольклористика илими [Текст] / Ж. Орозалиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Серия 7. − 2010. - 6-чыг. –196-202-б.

15. Орозалиева, Ж. XX кылымдын XX жылдарындагы фольклор таануу илиминин өнүгүшү [Текст] / Ж.Орозалиева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. −2011. – Спец. вып. – 168-174-б.

16. Орозалиева, Ж. Кыргыз фольклористика илиминин 30-жылдардагы калыптанышындагы негизги тенденциялар [Текст] / Ж. Орозалиева // Билим жана тарбия. - 2012. - №1(13). -214-219-б.

17. Орозалиева, Ж. Кыргыз агартуучулары тарабынан элдик оозеки чыгармачылыктын иликтениши [Текст] / Ж. Орозалиева // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Серия1. − 2012. - 1-чыг. –142-147-б.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Орозалиева Жүрсүн Муханбетовнанын “Кыргыз фольклор таануу илиминин пайда болушу жана калыптанышы” деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр:**агартуучулар, басмага даярдоо, жазып алуучу,жарыялоо, жомокчу, которуу, кошокчу,манасчы, методология, ориенталист, транскрипция,фольклор, фольклористика, фольклорчу, элдик сынчыл ойлом.

**Изилдөөнүн объектиси** катары жазылып алынган фольклордук материалдар, кол жазмалар, жарыяланган тексттер изилдөөгө алынды. Документтик материалдар пайдаланылды.Ошону менен катар улуттук фольклористиканын басып өткөн жолу, тарыхый кыймылы каралды.

**Изилдөөнүн предметин**фольклордук материалдар, кол жазмалар, жарыяланган тексттер, документтик материалдар, фольклордук мурастарды жыйноочулардын, жарыялоочулардын, изилдөөчүлөрдүн эмгектеритүздү.

**Изилдөөнүнмаксаты** –фольклор таануу илиминин пайда болушунан калыптаныш этабына чейинки тарыхын системалаштыруу, илимдин өнүгүш эволюциясына карата илимий-теориялык талдоолорду жүргүзүү.

**Илимий иштин изилдөө методдору.** Салыштырма-тарыхый, сыпаттама, индукция-дедукция, баяндоо, жалпылоо, анализдөө-синтездөө методдору колдонулду.

**Иштин илимий жаңылыгы** кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын изилдеген илимдин пайда болушу, өнүгүшү, калыптанышы тууралуу маселелерди чечмелеп, аны хронологиялык тартипте системалаштырып берүү проблемасы алгачкы жолу колго алынгандыгында. Мындан сырткары андагы оң-терс маселелерди, тенденцияларды илимий иликтөөгө алып, фольклористтердин оригиналдуулугу менен жекечеликтерин аныктоо, адабият теориясындагы ордун белгилөө менен түшүндүрүлөт.

**Колдонулуш чөйрөсү жана практикалык мааниси:** Кыргыз фольклористикасынын пайда болуш жолдору, илим катары калыптанышы, өнүгүшү, келип чыккан проблемалары тууралуу илимий ой жүгүртүүлөрдү, жыйынтыктарды, табылгаларды ЖОЖдордо «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы» предметин, фольклор боюнча өтүлүүчү атайын курстарды, ошондой эле, мектепте адабият сабагын окутууда пайдаланууга болот. Мындан сырткары фольклор багытында илимий иликтөө иштерин жүргүзүүдө, сөздүктөрдү түзүүдө оозеки адабият таануу боюнча окуу куралдарын жазууда методикалык жактан кеңири колдонулары шексиз.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Орозалиевой Журсун Муханбетовны на тему: “Становление и формирование кыргызской фольклористики” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:**манасчи, методология, народное критическоемышление, ориенталист, перевод, подготовка к изданию, причитальщица, просветители, сказочник, собиратель фольклора, транскрипция, фольклор, фольклорист, фольклористика.

**Объект исследования** –фольклорный материал, рукописи, опубликованные тексты. Использованы документальные материалы. А также исследованы исторический процесс национальной фольклористики.

**Предмет исследования** – работы, труды собирателей, популяризаторов и ученых исследователей фольклорного наследия.

**Цель работы** –систематизацияпроцесса истории становления и формирования кыргызской фольклористики, научно-теоретическое исследование эволюции фольклористики как науки.

**Методы исследования**–сравнительно-исторический, описательный, индуктивно-дедуктивный,типологический, аналитико-синтетический.

**Новизна работы** - впервые исследованы вопросы происхождения, становления, формирования и развития науки о кыргызском фольклоре, проблема ее хронологической систематизации. Кроме того, дан научный взгляд на позитивные и негативные стороны проблем и тенденций в развитии кыргызской фольклористики, выявлены оригинальность и индивидуальное своеобразие фольклористов, место фольклористики в теории литературы.

**Сфера применения результатов и прктическая значимость:**при изучении путей происхождения кыргызской фольклористики, формирования ее как науки, ее развития, научных взглядов относительно ее проблем, находок, обобщений в вузах по дисциплине “Кыргызское устное народное творчество”, на специальных курсах, в школах на уроках литературы. Кроме того, при научном исследовании кыргызского фольклора, составлении словарей, написании учебных и методических пособий по кыргызской фольклористике.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

## SUMMARY

**Orozalieva Zhursun Muhanbetovna**

**"Formation and development of the Kyrgyz folklore"**

**The dissertation is submitted to confer the scholarly degree of candidate of philological sciences**

**Specialty 10.01.09 – Folklore Studies**

**Keywords:** educators, folkcritical thinking, folklore collector, folklore studies, folklore, folklorist,manaschy, methodology, mourning singer, oriental researcher, preparation for publication,promotion, storyteller, transcription, translation.

**The object of the research–** folk material, manuscripts, published texts, documentary materials.

**The subject of the research**–works by collectors, scholars and researchers in folklore heritage.

**The aim of the research–** systematizing the process of formation and development of the history of the Kyrgyz folklore, scientific and theoretical studying the evolution of folklore as a science.

**The research methods–** comparative-historical, descriptive, inductive-deductive, typological, analytical and synthetic methods.

**The novelty of the work–** the first study of the origins, formation and development of the science of the Kyrgyz folklore, the issues of its chronological ordering. Furthermore, we studied positive and negative sides of issues and trends in the development of the Kyrgyz folklore as well revealed the originality and individuality of folklore and folklore place in literary theory.

**The scope of the use of the results**: The results of the research can be used while studying the origin of the Kyrgyz folklore, formation it as a science, its development, scientific views regarding its problems, findings, generalizations in universities in the course "Kyrgyz folklore", in elective courses, in schools, in literature classes. In addition, the results can be used in the scientific studying of the Kyrgyz folklore, compiling dictionaries, writing textbooks and manuals on the Kyrgyz folklore.